**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# МАТЕМАТИКА

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН V-IX –КЛАССТАР ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

**Бишкек**

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын**
**5-9-класстар үчүн «Математика» боюнча предметтик стандарт**

## МАЗМУНУ

1- бөлум. Жалпы жоболор
1.1.Документтин макамы жана түзүлүшү
1.2.Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлум. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлум. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлум. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

# 1- бөлүм. Жалпы жоболор

## 1.1. Документтин статусу

Кыргыз Республикасынын мектептеринин 5-9-класстарында математика боюнча жалпы орто билим берүүнүн предметтик стандарты – математика предметинин алкагында окуучулардын алган билимдеринин натыйжаларын, аларга жетүүнүн жана өлчөөнүн ыкмаларын жөнгө салуучу документ.

Предметтик стандарт базалык жана автордук программаларды жана окуу китептерин түзүүнүн ориентири жана негизи болуп саналат. Ал мугалимдин позициясын жана чыгармачыл потенциалын, окуучулардын жеке жөндөмдөрүн, кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн, билим берүү мекемелеринин материалдык базасын, жергиликтүү социалдык-экономикалык шарттарды, улуттук каада-салттарды жана эмгек рыногунун мүнөзүн эске алуу менен автордук окуу курсун түзүүнү ишке ашырууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт.

## 1.2. Документтин стуруктурасы

5-9-класстардагы математика боюнча предметтик стандарт төмөнкүдөй түзүмгө ээ:

1. Жалпы жоболор;
2. Предметтин концепциясы:

–математиканы окутуунун максаттары жана милдеттери;

–предметтин түзүлүш методологиясы;

–предметтик компетенттүүлүктөр;

–өзөктүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы;

–«Математика» предметинин мазмундук тилкеси. Окуу материалын мазмундук тил-келер жана класстар боюнча бөлүштүрүү;

–предмет аралык байланыштар.

3. 5-9-класстардын окуучуларынын математика боюнча алган билимдеринин натыйжала-ры жана аларды баалоо:

–окуучуларды баскычтар жана класстар боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжалар;

–5-9-класстардын окуучуларынын математика боюнча жетишкендиктерин баало-онун негизги стратегиялары;

4. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар:

–ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар;

–жүйөлөөчү окуу чөйрөсүн түзүү.

5-9-класстардагы математика боюнча предметтик стандарт – ченемдик-укуктук доку-мент, ал:

–мектептик билим берүүдөгү математикалык тармактын алдына коюлган максаттар-ды жүзөгө ашырууну камсыз кылат;

–5-9-класстардын окуучулары үчүн математика предмети боюнча билим берүүпро-цессин жөнгө салат;

–математиткалык билим берүүнүн улуттук жана аймактык деңгээлдерде өнүгүүсүн камсыз кылат.

### 1.3. Негизги ченемдик документтердин системасы:

– Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2003-ж.);

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары;

– Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук Стратегиясы;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты;

– Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн базистик окуу планы.

### 1.4. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул Мамлекеттик стандартта негизги түшүнүктөр жана терминдер төмөнкү маанилерде колдонулат:

**Математикалык билим берүүнүн сапаты** – математиканы окутуунун натыйжасынын ар түрдүү субьектилердин (окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин) үмүттөрүнө жана окутуунун алдына коюлган билим берүүчүлүк максаттар менен милдеттерге шайкеш келүү даражасы;

**Өзөктүү математикалык компетенттүүлүктөр** – билим берүүнүн социалдык, мамлекеттик, кесиптик буйрутмага ылайык аныкталган, көп функциялуулугу жана предметтен жогору тургандыгы менен өзгөчөлөнгөн, математика предметинин базасында жүзөгө ашырылып, окуучулардын тажрыйбасына негизделген ченелүүчү натыйжалары;

**Компетенция** – окуучулардын математикалык даярдыгына коюлуучу, натыйжалуу жемиштүү окуу жана кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болуп эсептелган социалдык талап;

**Математикалык билим берүү тармагы** - математика чөйрөсүнө жана ишмердүүлүгүнө тиешелүү билим берүүнүн мазмуну, ал математикалык илимий жана практикалык ишмердүүлүктүн педагогикалык адаптацияланган тажрыйбасы катары каралат;

**Билим берүүпроцесси** — педагогдордун түздөн түз катышуусунда сабактардын ар кыл түрлөрү жана окуучулардын өз алдынча иштөөсү, ошондой эле текшерүү иштери, экзамендер жана окуучуларды аттестациялоонун башка түрлөрү формасында уюштурулган окутуу жана тарбиялоо процесси, ал аркылуу окуу максаттарын жана математикалык билим берүүнүн натыйжаларын ишке ашыруу аткарылат;

**Баа**— окуучуга окуу ишмердүүлүгүүчүн коюлуучу баанын сандык туюндурулушу;

**Баалоо** — окуучуларда Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекитилген компетенциялардын калыптангандык даражасын сапаттык жактан аныктоо.

## 2- бөлүм. Предметтин концепциясы

5-9-класстардын окуучуларына математикалык билим берүү төмөнкү принциптерге негизделет:

– Кыргыз Республикасында билим берүүдө жаш курактык, психологиялык, этномаданий, аймактык жана улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу;

– турмуштук маанилүү көндүмдөрдү(атап айтканда, ойлонуу ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрү) жана жалпы математикалык маданиятты максаттуу түрдө калыптандыруу;

– окутуунун колдонмо жана практикалык багытын күчөтүү;

– математика курсунун тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн максаттуу түрдө ишке ашыруу.

Аталган принциптерди математиканы окутуу процессинде жүзөгө ашыруу үчүн компетенттүүлүк мамиле колдонулат, ал окуучу ээ болгон математикалык билимдер менен билгичтиктерди окуу, жеке жана эмгек ишмердүүлүгүндөөз алдынча колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

5-9-класстарда математиканын мектептик курсу өз ара байланыштуу материалдардан турат, алар бир нече мазмундук тилкелерди бириктирет: сандар жана эсептөөлөр; теңдемелер жана барабарсыздыктар; геометриялык фигуралар жана алардын касиеттери; геометриялык чоңдуктар жана аларды ченөө ж.б.

Математика курсу окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн ылайык түзүлөт.

Математиканы окууу процессинин натыйжалуулугу окутуунун усулдары менен ыкмаларын, уюштурууформалары менен каражаттарын окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша тандап алуудан, окуучулардын математикалык даярдыгынан деңгээлинен, жалпы окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптангандыгынан көз каранды. Көрсөтүлгөн факторлорго жараша мугалим окутуунун салттуу жана жаңы усулдарын тең салмактап айкалыштыруусу, түшүндүрмө-иллюстрациялык жана эвристикалык усулдарды, интерактивдүү окутуунун ыкмаларын колдонууну оптималдаштыруусу зарыл. Теориялык материалдарды окуп-үйрөнүүдө да, маселелерди чыгарууда да окуу процесси оозеки, жазуу жана практикалык иштерди рационалдуу айкалыштырууга багытталышы керек. Мугалим окуучулардын кебинин өнүгүүсүнө– тактык, үнөмдүүлүк жана маалыматтуулукка; аларда ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн ыкмалары жана алган билимдерин ишмердүүлүктө, турмушта колдоно билүүсүнүн калыптанышына көңүл бурууга тийиш. Предметти окутуунун концепциясы жалпы билим берүүчүлүк мүнөздөгү жана мектептин жогорку баскычында окутууну профилдештирүүнү эске алган (профилдик программалар) программаларды, окуу китептери менен окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгууну жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

5-9-класстарда «Математика» боюнча жалпы билим берүүчү программаны өздөштүрүү мөөнөттөрү окуу жылы ичинде 34 окуу жумасын түзөт (каникул мезгилин эсептебегенде).

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

5-9-класстарда «Математика» предмети боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты аталган предметти окуп-үйрөнүүнүн негизги **максаттарын** аныктайт.

5-9-класстардын окуучулары курчап турган дүйнөнү математикалык теориянын негизинде сыпаттап берүү ыкмаларын билип, билимдерин башка предметтерде жана күндөлүк турмушта рационалдуу пайдалануу көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Окутуунун максаты:**

**Математиканы 5-6-класстарда окуп-үйрөнүүнүн максаты**болуп сан түшүнүгүн системалуу түрдөөнүктүрүү, сандар менен арифметикалык амалдарды аткаруу билгичтигин иштеп чыгуу, практикалык тапшырмаларды математиканын тилине которуу, алгебранын символдук тилин, геометриянын базалык түшүнүктөрүн өздөштүрүү.

**Математиканы 7-9-класстарда окуп-үйрөнүүнүн максатын** эсептөөчүлүк жана алгебралык билгичтиктерди өнүктүрүү, функционалдык көз карандылыкты, колдонмо маселелерди математикалык моделдөөнүн негизги каражаты катары функцияны, теңдемелер жана барабарсыздыктар аппаратын өздөштүрүү, тегиздиктеги жана мейкиндиктеги геометриялык фигураларды системалуу түрдө окуп-үйрөнүү, логикалык ой жүгүртүүнүөнүктүрүү жана окуучуларды чектеш дисциплиналарды окуп-үйрөнүүгө даярдоо түзөт.

**5-9-класстарда математиканы окутуунун милдеттери**:

**Когнитивдик.** Окуучулар сан системаларынын (натуралдык, бүтүн, рационалдык, чыныгы) түзүлүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнөт жана математикалык тилди таанымдын, изилдөөнүн жана карым-катыштын инструменти катары пайдаланышат;

**Жүрүш-туруштук**. Окуучулар практикалык ишмердүүлүгүндө, башка предметтерди окуп-үйрөнүүдө колдонууга, ошондой эле кийинки класстарда математикалык билим алууну улантуу үчүн зарыл болгон математикалык билимдерге, билгичтиктерге жана компетенцияларга ээ болушат;

**Баалуулук.** Окуучулар эсептөөчүлүк, логикалык жана башка касиеттерге ээ болуу үчүн өздөрүнүн математикалык билимдерин өркүндөтүүгө жүйөсү бар, талдоого, өз жыйынтыгын баалоого жөндөмдүү жана математикалык ченөөлөрдүн жаңылыштыктарын толук аңдап-түшүнүшөт.

## 2.2. Предметтин методологиялык негиздери

«Математика» мектептик предмети турмуштук практиканын талаптары жана предметтин өзүнүн ички талаптары менен шартталган үзгүлтүксүз өнүгүүдө болот.

Математикалык билим берүүнүн өнүгүүсү жаңы муунга мурунку бардык муундардын синтезделген билимдери менен тажрыйбасын окуу предмети катары берүүсүз мүмкүн эмес, ал окуучуларга математикалык аппарат тууралуу түшүнүктөрдү берип, математикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

5-9-класстардын окуучуларына математикалык билим берүүнүүюштуруунун негизине төмөнкүлөр каралган:

1. Окутуунун максаттарын тактоо жана математикалык даярдоого коомдун өнүгүүсү жана анын социалдык-экономикалык керектөөлөрү менен байланышкан жаңы талаптардын коюлушу.
2. Математикалык билим берүүгө илимдин өзүнүн таасир тийгизүүсү, окуу предметинин мазмунун жаңыртууну талап кылган жаңы маанилүү ачылыштардын жана багыттардын пайда болушу, өзүнүн таанымдык жана практикалык маанисин жоготкон материалдарды кыскартуу.
3. Окуучулардын жалпы жана интеллектуалдык өнүгүүсүн күчөтүү, окуучуларда «Математика» предметинин мазмунун кыйла эрте жана кыйла интенсивдүүокуп-үйрөнүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.
4. Педагогикалык илимдин, математиканы окутуу усулунун өнүгүүсүнүн өзгөргөн деңгээли, мектеп математикасын окутуунун жеткиликтүүлүгүн, натыйжалуулугун жогорулата турган окутуунун маалыматтык жана мультимедиялык каражаттарына жетишүү.

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Математикалык билим берүү тармагы боюнча компетенттүүлүктөрдү белгилөөнүн негизи катары мектептик математикалык предметтин сапатын баалоо боюнча эл аралык тажрыйбадан келип чыккан талаптар алынган.

Жалпы орто мектептин бүтүрүүчүсү математиканын жалпы мыйзамдарын чагылдырган билимдерге ээ, аларды колдоно алат жана математикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот. Мында ал төмөнкү компетенцияларга ээ:

| № | Компетенттүүлүк | Компетенциянын сыпаттамасы |
|---|---|---|
| 1 | Эсептөөчүлүк | Сандарды айырмалоо. Сандар менен арифметикалык жана алгебралык операцияларды жүргүзүү. Ар түрдүү математикалык туюнтмалардын сандык маанилерин эсептей алуу. |
| 2 | Аналитика-функционалдык | Негизги функцияларды жана туюнтмаларды аныктоо, алардын касиеттерин билүү. Базалык математикалык туюнтмалар менен арифметикалык жана алгебралык операцияларды жүргүзүү. Теңдемелерди, барабарсыздыктарды жана алардын системаларын чыгарганды билүү. |
| 3 | Көрсөтмөлүү-образдык | Негизги геометриялык фигураларды жана алардын элементтерин билүү. Негизги функциялардын графиктерин кайра өзгөртүп түзүүнүн эң жөнөкөй жолдорун билүү. Курчап турган чындыктын кубулуштарын талдоо үчүн аналитикалык туюнтмалардын графикалык көрсөтүлүштөрүн пайдалануу. |
| 4 | Статистика—ыктымалдык | Детерминацияланган жана детерминацияланбаган процесстер тууралуу түшүнүктөргө ээ болуу жана аларды айырмалоо. Көптүктөр менен операцияларды жүргүзө алуу. Статистикалык маалыматтарды жөнөкөй иштеп чыгуунун жолдорун билүү. Ыктымалдуулуктун негизги касиеттерин билүүжана аларды курчап турган чындык менен байланышкан маселелерди чыгарууда колдоно алуу. |

## 2.4. Өзөктүү (негизги) жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Математикалык билим берүүнүн өзөктүү компетенттүүлүгү катары окуучулардын ар түрдүү математикалык маселелерди чечүү менен байланышкан кырдаалдарда өз алдынча аракеттене алуу жөндөмдүүлүгү каралат. Өзөктүү компетенттүүлүктүн предметтик компетентүүлүктөр менен байланышы математика сабактарында төмөнкү деңгээлдер боюнча ишке ашырылат.

Бирични деңгээл. Түшүнүү. Окуучу окуу китебинде же мугалим тарабынан берилген математикалык материалдын мазмунун түшүнөт, сабакта же окуу китебинде талдоого алынган математикалык маселеге же көнүгүүгө окшошторду чыгарууга жөндөмдүү. Окуу материалынын тиешелүү темалары боюнча зарыл маалыматтарды табууну билет.

Экинчи деңгээл. Колдонуу. Окуучулар математикалык маселелер жана көнүгүүлөрдү чыгаруу алгоритмине, маалыматты берүү ыкмаларына ээ жана маселелерди чыгарууда математикалык теорияны, мыйзамдарды, формулаларды жана эрежелерди туура колдонот.

Үчүнчү деңгээл. Талдоо. Окуучулар математикалык түзүмдөр жана обьектилердин ортосундагы аналогияны жана негизги айырмачылыктарды табууга жөндөмдүү. Математикалык маалыматты жана өздөрүнүн иш-аракеттерин талдай алышат. Жаңы шарттарда

маселелерди чыгарууда жана билимдин башка тармактарында математикалык билимдер менен көндүмдөрдү колдоно алышат.

Билим берүү стандартында бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын деңгээлине коюлуучу талаптар белгиленген, алар математикалык компетенттүүлүктү мүнөздөөчүн колдонулат: ээ болгон билимдери менен билгичтиктерин практикалык ишмердикте жана күндөлүк турмуштатөмөнкү жагдайларда колдонуу:

– зарыл болгон учурда аныктамалык материалдарды жана жөнөкөй эсептөөчү түзүлүштөрдү колдонуу менен, формулалар, анын ичинде даражаларды, радикалдарды, логарифмаларды жана тригонометриялык функцияларды камтыган формулалар боюнча практикалык эсептөөлөрдү жүргүзүүүчүн;

– эң жөнөкөй математикалык моделдерди түзүү жана изилдөөүчүн;

– функциялардын жардамы менен реалдуу көз карандылыктарды сыпаттоо жана изилдөө, аларды графикалык түрдө көрсөтүүүчүн;

– реалдуу процесстердин графиктерин интерпретациялоо үчүн;

– математикалык талдоо аппаратын колдонуу менен геометриялык, физикалык, экономикалык жана башка колдонмо маселелерди, анын ичинде эң чоң жана эң кичине маани боюнча маселелерди чыгаруу үчүн;

– диаграмма, графиктер түрүндө берилген реалдуу сандык маалыматтарды талдоо, статистикалык мүнөздөгү маалыматтарды талдоо үчүн;

– анча татаал эмес практикалык кырдаалдарды окуп-үйрөнгөн формулалардын жана фигуралардын касиеттеринин негизинде изилдөө (моделдөө) үчүн; зарыл болгон учурда аныктамалыктарды жана эсептөөчү түзүлүштөрдү колдонуу менен, практикалык маселелерди чыгарууда реалдуу обьектилердин узундугун, аянттарын, көлөмдөрүн эсептөөүчүн.

### 2.5. Мазмундук тилкелер

Жогоруда белгиленген максаттар менен милдеттерди жүзөгө ашыруу аркылуу предметтин системдүүлүгүн, улануучулугун, математика предметинин ичиндеги байланыштарды жана башка предметтер менен байланыштарын ж.б. көрсөткөн мазмундук тилкелерди өздөштүрүүгө жетишүүгө болот.

**Предметтин мазмундук тилкеси**- бул негизги математикалык түшүнүктөрдүн бардык окуу материалдары жана окуучулардын математика боюнча компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиялык мамилелери топтоштурулган предметтин фундаменталдык ядросу.

**Предметтин фундаменталдык ядросу** деп, негиз салуучу илимий билимдердин өз ара байланышкан жана бирин бири толуктоочу элементтерден иш-аракеттери жана окуучулардын түрдүү предметтик тармактарга кеңири багыт алуусун камсыздаган иш-аракеттердин жалпыланган ыкмалары, ошондой эле математикалык объектилердин касиеттерин мүнөздөөчү санда түшүнүгү болуп саналат.

5-9-класстарда «Математика» предметинин мазмундук тилкелери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Сандар жана эсептөөлөр;
2. Алгебралык туюнтмалар жана аларды кайра өзгөртүп түзүүлөр;
3. Геометриялык фигуралар жана формалар;
4. Статистикага киришүү.

**2.6. Окуу материалын мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүү**

**Таблица. № 3.** Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

| Мазмундук тилкелер | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
|---|---|---|---|---|---|
| Сандар жана туюнтмалар | Натуралдык сандар. Бүтүн сандар. Бөлчөк түшүнүгү. Ондук бөлчөктөр. Процент. Масштаб. | Жөнөкөй бөлчөктөр. Рационалдык сандар. Натуралдык көрсөткүчтүү даража. Бир мүчө. Салыштырмалуу жана абсолюттук каталар. | Алгебралык туюнтмалар: барабардыктар, теңдемелер, барабарсыздыктар. Көп мүчөлөр. Кыскартылган көбөйтүүнүн формулалары. Бүтүн көрсөткүчтүү даража. Квадраттык үч мүчө. Алгебралык бөлчөктөр. | n-даражадагы уңгу. Иррационалдык сандар жана туюнтмалар. Жакындаштырылган эсептөөлөр. | Чыныгы сандар. Сандык ок. Рационалдуу көрсөткүчтүү даража. Көрсөтмөлүү жана Логарифмалык туюнтмалар жана алар менен жүргүзүлүүчү амалдар. |
| Алгебралык туюнтмалар | Сызыктуу теңдемелер жана аларды чыгаруу. Сызыктуу сандуу туюнтмаларды кайта өзгөртүү. Кашааларды ачуу. | Сызыктуу теңдемелер. Сызыктуу теңдемелердин жөнөкөй системалары. Түз жана тескери пропорциялаштык. Катыштар, пропорциялар | Татаал проценттер. Теңдемелердин теңкүчтүүлүгү. Сызыктуу теңдемелердин системалары. Сызыктуу функция. $f(x) = x^2$ функциясы. $x^2 = а$ теңдемеси. Квадраттык тамырлар. Квадраттык теңдемелер. Арифметикалык жана геометриялык прогрессиялар. | Сызыктуу жана квадраттык теңдешсиздиктер. Тескери пропорциялуулук. $f(x)=\frac{k}{x}$ функциясы. Рационалдык теңдемелер жана барабарсыздыктар. Функция. Функциянын аныктоо жана маанилеринин областы; маселенин ыкмалары. $f(x)=\sqrt{x}$ функциясы | Иррационалдык, көрсөткүчтүү жана логарифмалык функциялар. Иррационалдык, көрсөткүчтүү жана логарифмалык теңдемелер жана барабарсыздыктар. Теңдемелер системалары. Сан удаалаштыктары. Арифметикалык жана геометриялык прогрессиялардын кассиеттери. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мейкиндик жана фор- малар | Кесинди. Тегиздик. Түз сызык. Шоола. бурч. Бурчтардын түрлөрү.<br>Квадрат, куб.<br>Тик бурчтук, тик бурчтуу параллеле- пипед.<br>Жайылуу. | Тегиздиктеги де- карттык координата- лар.<br>Бурчтар: чектеш, вертикалдык.<br>Параллель жана пер- пендикулярттүз сыз- ыктар.<br>Айлана жана теге- рек. Айлананын үзүндүгү. Сфера.<br>Тегеректин аянты.<br>Тегеректин сектору жана сегменти. | Үч бурчтуктар. Пифагор- дун теоремасы. Үч бур- чтуктардын капталдары жана бурчтары боюнча бөлүнүшү. Эки түз сызык- тын параллелдүүлүгүнүн белгилери. Көп бурчтук- тар: үч бурчтуктар, квад- рат, параллелограмм, тра- пеция, ромб, дельтоид жа- на алардын аянттары.<br>Векторлор. Алар менен жүргүзүлүүчү амалдар.<br>Кесиндинин узундугу.<br>Түз сызыктын теңдемеси.<br>Жайылуу. | Үч бурчтуктардын окшоштугу.<br>Тригонометриянын жөнөкөй элементтери.<br>Айлана.<br>Жаныма.<br>Борбордук жана ичтен сызылган бурчтар.<br>Ичтен сызылган жана сырттан сызылган фи- гуралар.<br>Тегерек, сфера. | Туура көп бурчтуктар.<br>Кыймыл.<br>Аныктама, аксиома, тео- рема, далилдөө түшүнүктөрү.<br>Призма, пирамида, ци- линдр, конус. Беттин аянты, көлөм. |
| Статисти- кага жана ыктымал- дыктар теориясына киришүү | Көптүктөр жана алар менен жүргү- зүлүүчү операция- лар (Бириктирүү, кесилишүү, көптүк- түн айырмасы.<br>Көптүктүн эле- менттеринин саны) | Орточо маанилер.<br>(Орточо арфметика- лык, мода, медиана, толкундоо аралыгы)<br>Сандык маалымат- тарды уюштуруу. | Маалыматтарды статисти- калык талдоонун жөнөкөй методдору. Маалыматтар- дын чачырандыгынын аныктоо: толкундоо аралыгы, квартиль аралык толкундоо аралыгы, дисперсия, стандарттык четтөө. | Комбинаторика.<br>Орун которуштуруу.<br>Жайгаштыруу. Айка- шуу. | Ыктымалдыктар теори- ясынын элементтери.<br>Элементардык окуялар.<br>Ыктымалдыкты жыштык жана геометриялык аныктоо. Окуялардын суммасынын ыктымал- дыгы. Көз каранды жана көз карандысыз окуялар. |

## 2.7. Предмет аралык байланыштар

5-9-класстарда математика курсун окууда окуучулар табияттаануу, технология, ж.б. предметтерде алган билимдерин колдонушат. Турмуш менен байланышы, окуп-үйрөнүп жаткан математикалык билимдер менен көндүмдөр системасынын практикалык мааниси сандык көптүктөр жана чоңдуктар менен байланышкан материалды бейформалдуу түрдөөздөштүрүүгө шарт түзөт. Геометрияны окуп-үйрөнүүдө элдик чыгармачылыктагы, колдонмо чыгармачылыктагы, табияттаануудагы ж.б. конкреттүү геометриялык фактыларды колдонуу зарыл. 5-9-класстардын окуучуларынын математикалык билимдери менен предметтик компетенттүүлүктөрүфизика, химия, географии, технология, информатика ж.б. предметтерди окуп-үйрөнүүнүн негизин түзөт.

5-6-класстарда математика курсун окууда окуучулар табияттаануу, география, технология, көркөм өнөр ж.б. предметтерде алган билимдерин колдонушат. Турмуш менен байланышы, окуп-үйрөнүп жаткан математикалык билимдер менен көндүмдөр системасынын практикалык мааниси сандык көптүктөр жана чоңдуктар менен байланышкан материалды бейформалдуу түрдө өздөштүрүүгө шарт түзөт. Мисалы, «процент» түшүнүгүн окуп-үйрөнүү атмосферанын курамы, жаратылышы объектилери, кубулуштардын ортосундагы байланыштар боюнча сандык маалыматтарды талап кылат. Абанын температурасынын өзгөрүшү жана графикалык сүрөттөлүшү; жаан-чачындардын деңгээлин өлчөө, шкалалардын бийиктиги жана тереңдиги тууралуу маалыматтарды пайдалануу чоңдуктардын өзгөрүшү менен байланыштуу.

6-класстын окуучулары үчүн математикалык билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр физика, химия, география, технология, көркөм өнөр предметтерин окуу-үйрөнүүнүн негизин түзөт. Эсептөө белгичтиктери менен көндүмдөрү аталган предметтерди окуп-үйрөнүүдө кеңири колдонулат. Өлчөөнүн негизги бирдиктери тууралуу билимдер, бир өлчөмдөн экинчи өлчөмгө өтүү, эсептеп чыгарууларды жүргүзүү (№, оң жана терс сандар, ондук жана жөнөкөй бөлчөктөр менен амалдарды аткаруу, % эсептөө, орточо арифметикалык маанисин табуу, пропорцияларды түзүү). Мейкиндиктик сүрөттөлүштөр физика, технология, география курстарында геометриялык фигуралардын чоңдугун өлчөөнүн, касиеттерин түшүнүүнүн таянычы болуп кызмат кылат.

Алгебраны окутууда башка окуу предметтериндеги тиешелүү маалыматтарды пайдалануу, окуучуларда математика кубулуштар менен реалдуу буюмдарга абстракттуу түрдө таяна тургандыгы жөнүндөгү туура түшүнүктү калыптандыруу керек. Мисалы, «Бүтүн жана натуралдык көрсөткүчтүү даражаны» окуп-үйрөнүүдө VI-класстын геометриясы; Жердин жана материктердин чоңдугу (өлчөмү); VII- класстын физикасынын «Заттардын түзүлүшү» боюнча маалыматтарын пайдаланууга болот.

«Сан барабарсыздыктарын» окуп-үйрөнүүдө VII-класстын географиясындагы «шкалалар, бийиктиктер жана тереңдиктер» боюнча маалыматтарды пайдаланууга болот. Сызыктуу теңдемелерди окуп-үйрөнүүдө VII-класстын физикасындагы бир калыпта ылдамдатылган кыймыл, заттын тыгыздыгы, оордук күчү боюнча маалыматтарды; квадраттык теңдемелерди жана теңдемелер системасын окуп-үйрөнүүдө VII-класстын физикасындагы газдардагы жана суюктуктардагы басым, жумуш жана кубаттуулук боюнча маалыматтарды; рационалдык теңдемелерди окуп-үйрөнүүдө VII-VIII-класстын физикасындагы кыймыл, күч боюнча маалыматтарды колдонсо болот.

Жакындаштырылган эсептөөлөрдү окуп-үйрөнүүдө V-VII-класстардагы эмгек предметинин маалыматтарын – ченөөчү инструменттердин тактыгы, буюмдарды жасоо

үчүн материалдын чыгымдалышы, ошондой эле VII-класстын физикасындагы физикалык чоңдуктарды – аралык, ылдамдык, убакыт, масса, жумуштун тыгыздыгынын маанилерин эсептөө боюнча маалыматтарды колдонсо болот. Туюнтмаларды окшош жөнөкөйлөштүрүүдө, теңдемелерди жана теңдемелер системаларын чыгарууда, мазмундуу маселелерди чыгарууда жана формулалар менен иштөөдө башка предметтердин маалыматтары колдонулат. Мындай маалыматтар алгебра курсун окуп-үйрөнүүдө таянычтык болушу мүмкүн: функциянын аргументтен көз карандылыгы жана алардын касиеттери, чоңдуктардын ортосундагы көз карандылык түшүнүгү. Мисалы, IX-класстын физикасында бир калыпта ылдамдатылган кыймылды окуп-үйрөнүүдө сызыктуу функция колдонулат, ал эми электричествону окуп-үйрөнүүдө (физика VII класс) түз жана тескери пропорциялуулук колдонулат.

Сандын жана аны менен жүргүзүлүүчү амалдардын стандарттык түрү физиканы жана химияны окуп-үйрөнүүдө зарыл: лабораториялык жана практикалык иштерди аткарууда, маселелерди эсептөөдө жана чыгарууда. Алгебра курсунун материалдары информатика жана эсептөө техникасынын негиздерин окуп-үйрөнүүдө абдан чоң мааниге ээ. Бул учурда алар негизги база болуп эсептелет. Теңдемелерди, барабарсыздыктарды жана теңдемелер системасын чыгарууда туюнтмаларды окшош өзгөртүп түзүү балдарды алгоритмдерди жазууга жана аларды программалоого даярдайт.

Билимдерди турмушта жана практикада колдонуу максатында, геометриянын реалдуу турмуш менен байланышын көрсөтүүчүн окуу процессинин түрдүү предметтеринин билимдерин пайдалануу талап кылынат. Атап айтканда, үч буртуктардын барабардыгын окуп-үйрөнүүдө, үч бурчтуктар менен байланышкан маселелерди чыгарууда жер тилкелеринин сүрөтүн тартуу максатка ылайыктуу. Ал эми фигуралардын окшоштугун окуп-үйрөнүүдө масштабдар түшүнүгүн (география VI-кл) колдонуу керек. «Векторлордун координаталарын» окуп-үйрөнүүдөм VII-класстын Физика курсунун күч; VI-класстын География курсунун географиялык координаталар; V-класстын Табияттаануусунун айлана, тегерек, сфера, шар, жер жана асман телолору; VI-кл География курсунун глобус жана карта; Технологиянын айлананы бирдей бөлүктөргө бөлүү түшүнүктөрүнө таянабыз.

Геометриялык фигуралардын касиеттери, тегиздикте геометриялык фигураларды түзүүтехнология курсунда кеңири колдонулат. Айлана, айланага ичтен сызылган бурчтар, айлананын узундугунун формуласы кинематиканын негиздерин окуп-үйрөнүүдө, токардык иштерди аткарууда (телолордун октун айланасында айланuусу) жана астрономия курсун окуп-үйрөнүүдө пайдаланылат.

## 3-бөлүм.3. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

1. Маселелерди чечүү үчүн колдонулатурган жана сандык топтому билимге ээ.
2. Алгебралык туюнтмаларды эсептөө жана сан системасын боюнча иш-чараларды ишке ашырууга жардам бере алат.
3. Барабарсыздыктар жана алардын системаларын чечүү үчүн ыкмаларды колдонот.
4. Геометриялык чоңдуктар мененмаселелерди чыгарат жана геометриялык объектилер менен иш жүргүзөт.
5. Функциялардын касиеттерин анализдейт жана алардын түзө алат, пайдаланат.
6. Бул статикалык маселелерди чечүү үчүн маалыматтарды колдоно алат.
7. Математикалык билимдерди башка предметтердин закондорун, модулдарын пайдаланат, мисалдарды колдонот.
8. Күнүмдүк турмушта математикалык аппараттарды колдонот.
9. Тригонометриялык функцияларды түшүнөт жана тригонометриялык мисалдарды ыкмалар менен чыгарат.
10. Математикалык мисалдарды жана физикалык ар түрдүү маселелерди вектордун касиеттерин боюнча колдонот.
11. Маселелерди чыгарууда ыктымалдуулуктун сандык мааниси боюнча ыктымалдуулугунколдонот.
12. Салыштыруунун негизинде корутундулайт жана өз алдынча математикалык көрүнүштү анализдей алат.
13. Долбоордун контекстинде ар кандай көйгөйлөрдү чечүүдө (милдеттери) математикалык маалыматты чечмелейт.
14. Турмуштук ситуацияда логикалык жана математикалык ыкмаларды өз алдынча колдонот.
15. Математиканын предмети боюнча билим берүү жетишкендиктерине өзүнчө сын баа берүүнү жүргүзөт.
16. Сандык жана сапаттык баалоону жакындатып жүргүзө алат.
17. Математикалык тилдеги жана математикалык объектидеги көрүнүштү көргөзө алат.
18. Маалыматтык ресурстарды жана техникалык каражаттарды колдоно алат.

## 3 - бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

Натыйжалар таблицасындагы белгилөөлөрдүн идентификатору:

1 - цифра – **класс** (5, 6, 7, 8, 9)

2 - цифра – **тематикалык тилке**: 1. Сандар жана эсептөөлөр; 2. Алгебралык туюнтмалар жана аларды кайра өзгөртүп түзүүлөр; 3. Геометриялык фигуралар жана формалар; 4. Статистикага киришүү.

3 - цифра- **компетенттүүлүк**: 1. Эсептөөчүлүк; 2. Аналитика-функционалдык; 3. Көрсөтмөлүү-образдык; 4. Статистика—ыктымалдык.

4 - цифра – **натыйжа**

Мисал: **5.1.1.3. Берилген сан мүнөздөмөсү менен арифметикалык эсептерди чыгарат.**

## 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар

| Мазмундук тилке | Класстар боюнча билим берүүчүлүк натыйжалар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** |
